# КОШТООЧУ КЫЗМАТ КӨРСӨТҮҮЛӨРДҮН ЭЛ АРАЛЫК СТАНДАРТЫ 4400

(мурда АЭС 920)

# ФИНАНСЫЛЫК МААЛЫМАТ ЖАГЫНАН МАКУЛДАШЫЛГАН ЖОЛ-ЖОБОЛОРДУ АТКАРУУ БОЮНЧА ТАПШЫРМАЛАР

(бул стандарт күчүнө кирген)

## МАЗМУНУ


Пункт

Киришүү ........................................................................................ 1–3

Макулдашылган жол-жоболорду аткаруу боюнча тапшырманын максаты 4–6

Макулдашылган жол-жоболорду аткаруу боюнча тапшырманын жалпы принциптери ........................................................................................ 7–8

Тапшырманын шарттарын аныктоо .......................................................... 9–12

Пландаштыруу ........................................................................................ 13

Документация ........................................................................................ 14

Жол-жоболор жана далилдер .................................................................... 15–16

Отчетту даярдоо ........................................................................................ 17–18

1-тиркеме: Макулдашылган жол-жоболорду аткаруу боюнча тапшырма катынын мисалы
Тапшырманын жол-жоболору

2-тиркеме: Кредитордук карыз жагынан табылган фактылар жөнүндө отчеттун мисалы


Коштоочу кызмат көрсөтүүлөрдүн эл аралык стандарты (ККЭС) 4400 *“Финансылык маалымат жагынан макулдашылган жол-жоболорду аткаруу боюнча тапшырмаларды” “Сапатты контролдоонун, аудиттин жана обзордук текшерүүлөрдүн, ишенимди камсыз кылуучу башка тапшырмалардын жана коштоочу кызмат көрсөтүүлөр боюнча тапшырмалардын эл аралык стандарттарынын жыйнагынын баш сөзү”* менен бирге кароо керек.

## Киришүү

1. Ушул Коштоочу кызмат көрсөтүүлөрдүн эл аралык стандартынын (ККЭС) максаты финансылык маалыматка карата макулдашылган жол-жоболорду жүргүзүү менен байланышкан тапшырмаларды аткарууда аудитордун[1] кесиптик милдеттери жагынан, ошондой эле ушундай тапшырмаларга байланыштуу аудитор бере турган отчеттун формасы жана мазмуну жагынан стандарттарды белгилөө жана көрсөтмөлөрдү берүү болуп саналат.

2. Ушул стандарт баарынан мурда финансылык маалымат менен байланышкан тапшырмаларды жөнгө салат. Бирок анын жоболору ошондой эле аудитор тиешелүү маселе боюнча зарыл билимдерге ээ болгон жана алардын негизинде тыянактар түзүлүшү мүмкүн болгон акылга сыярлык критерийлер бар болгон шартта финансылык эмес маалымат жагынан тапшырмаларды аткарууда колдонулушу мүмкүн. Ушул стандартты колдонууда аудиторго ошондой эле Аудиттин эл аралык стандарттарында (АЭС) камтылган көрсөтмөлөр пайдалуу болушу мүмкүн.

3. Макулдашылган жол-жоболорду аткаруу боюнча тапшырма финансылык маалыматтын (мисалы, кредитордук, дебитордук карыз, байланыштуу тараптардан сатып алуулар, түшкөн каражаттар жана ишкананын сегментинин пайдасы), финансылык отчеттордун (мисалы, бухгалтердик баланс) айрым элементтери, ошондой эле финансылык отчеттуулуктун бүткүл комплекти жагынан айрым жол-жоболорду аткарууну болжолдошу мүмкүн.

## Макулдашылган жол-жоболорду аткаруу боюнча тапшырманын максаты

4. **Макулдашылган жол-жоболорду аткаруу боюнча тапшырманын максаты аудит үчүн мүнөздүү болгон жана аудитордун, ишкананын жана тиешелүү үчүнчү жактардын ортосунда макулдашылган жол-жоболорду жүргүзүү жана табылган фактылар жөнүндө отчетту берүү болуп саналат.**

5. Аудитор болгону макулдашылган жол-жоболор боюнча табылган фактылар жөнүндө отчетту бергендиктен, эч кандай ишенимдүүлүк

[1] «Аудитор» термини Аудиттин жана ишенимди камсыз кылуучу тапшырмалардын эл аралык стандарттары боюнча кеңештин бардык расмий документтеринде аудит боюнча тапшырмалар жагынан, ошондой эле обзордук текшерүүлөр, ишенимди камсыз кылуучу башка тапшырмалар жана аудитор көрсөтө ала турган коштоочу кызмат көрсөтүүлөр жагынан колдонулат. Бирок терминди ушундай колдонуу обзордук текшерүүчү жүзөгө ашырып жаткан же ишенимди камсыз кылуу боюнча кызмат көрсөтүп жаткан жана коштоочу кызмат көрсөтүүлөрдү берип жаткан жак ишкананын финансылык отчеттуулугун сөзсүз жүргүзүүгө тийиш дегенди билдирбейт.

билдирилбейт. Анын ордуна отчетту пайдалануучулар жүргүзүлгөн жол-жоболорду жана аудитор берген сын-пикирлерди өз алдынча баалайт жана анын ишинин негизинде өз тыянактарын чыгарат.

6. Отчет жол-жоболорду аткаруу жөнүндө макулдашкан тараптар үчүн гана арналган, анткени башка тараптар жол-жоболорду жүргүзүүнүн себептери жөнүндө маалыматка ээ болбогондуктан, натыйжаларды туура эмес чечмелеши мүмкүн.

## Макулдашылган жол-жоболорду аткаруу боюнча тапшырманын жалпы принциптери

7. **Аудитор Бухгалтерлердин этикасынын эл аралык стандарттары боюнча кеңеш чыгарган *Кесипкөй бухгалтерлердин этика кодексин* (БЭЭСК Кодекси) сактоого тийиш.** Тапшырмалардын ушул тибине байланыштуу аудитордун кесиптик милдеттерин жөнгө салуучу этикалык принциптер болуп төмөнкүлөр саналат:

   (a) Ак ниеттүүлүк;

   (b) Объективдүүлүк;

   (c) Кесиптик компетенттүүлүк жана талаптагыдай кылдаттык;

   (d) Купуялуулук;

   (e) Кесиптик жүрүм-турум;

   (f) Техникалык стандарттар.

   Көз карандысыздык макулдашылган жол-жоболорду аткаруу боюнча тапшырмалар үчүн милдеттүү талап болуп саналбайт. Бирок тапшырманын шарттары же максаттары же болбосо улуттук стандарттар аудитордон БЭЭСК Кодексине ылайык көз карандысыздык талаптарын сактоону талап кылышы мүмкүн. Эгерде аудитор көз карандысыз эмес болуп саналбаса, бул факт табылган фактылар жөнүндө отчетто белгиленүүгө тийиш.

8. **Аудитор макулдашылган жол-жоболорду аткаруу боюнча тапшырманы ушул стандартка жана тапшырманын шарттарына ылайык аткарууга тийиш.**

## Тапшырманын шарттарын аныктоо

9. **Аудитор бардыгында, анын ичинде ишкананын өкүлдөрүндө жана, эреже катары, табылган фактылар жөнүндө отчеттун көчүрмөлөрүн алган башка айрым талаптарда кайсы макулдашылган жол-жоболор жүргүзүлө тургандыгы жана тапшырманын шарттары кайсылар экендиги жагынан так түшүнүк бар экенине ынанууга тийиш.** Төмөнкүдөй маселелер макулдашылууга тийиш:

- Тапшырманын мүнөзү, анын ичинде жүргүзүлүп жаткан жол-жоболор аудит да, обзордук текшерүү да болуп саналбай тургандыгынын, демек, ишенимдүүлүктү билдирбей тургандыгынын фактысы.
- Тапшырманын билдирилген максаты.
- Ага карата макулдашылган жол-жоболор жүргүзүлө турган финансылык маалыматты аныктоо.
- Жүргүзүлө турган конкреттүү жол-жоболордун мүнөзү, мөөнөттөрү жана көлөмү.
- Табылган фактылар жөнүндө отчеттун болжолдонгон формасы.
- Табылган фактылар жөнүндө отчетту таратууга чектөөлөр. Ушундай чектөөлөрдүн жана юридикалык талаптардын ортосунда кандайдыр-бир карама-каршылыктар болгондо (эгерде колдонууга мүмкүн болсо) аудитор тапшырманы аткаруудан баш тартууга тийиш болот.

10. Айрым учурларда, мисалы, болжолдонгон жол-жоболор жөнгө салуучу органдын, тармактын өкүлдөрүнүн жана бухгалтердик кесиптин өкүлдөрүнүн ортосунда макулдашылган учурда, аудитордо жол-жоболорду отчетту ала турган бардык тараптар менен талкуулоо мүмкүнчүлүгү болбошу мүмкүн. Мындай учурда аудитор, мисалы, болжолдонгон жол-жоболорду таламдаш тараптардын тиешелүү өкүлдөрү менен талкуулап, алардан алынган кат-кабарларды иликтеп же чыгарыла турган отчеттун долбоорун аларга жөнөтө алат.

11. Жеке өзүнүн кызыкчылыктарына, ошондой эле кардардын кызыкчылыктарына таянып, аудитор кардарга тапшырма боюнча катты жөнөтүүгө тийиш, анда дайындоонун негизги шарттары документтер менен чагылдырылат. Тапшырма боюнча кат дайындоону кабыл алууга аудитордун макулдугун ырастайт жана тапшырманын максаты жана көлөмү, аудитордун милдеттеринин көлөмү жана чыгарылуучу отчеттордун формасы сыяктуу маселелерде түшүнбөй калуудан оолак болууга жардам берет.

12. Тапшырма боюнча катта төмөнкүдөй маселелер камтылууга тийиш:

- Аткарылууга тийиш болгон жана тараптар макулдашкан жол-жоболордун тизмеги.
- Табылган фактылар жөнүндө отчет жол-жоболорду аткарууга макулдугун берген көрсөтүлгөн жактардын ортосунда гана таратыла тургандыгы жөнүндө билдирүү.

Мындан тышкары, аудитор тапшырма боюнча катка, эгерде керек деп эсептесе, даярдала турган табылган фактылар жөнүндө отчеттун

долбоорун тиркей алат. Тапшырма боюнча каттын үлгүсү ушул ККЭСтин 1-тиркемесинде келтирилген.

## Пландаштыруу

13. **Аудитор ишти тапшырманы натыйжалуу аткарууну камсыз кылгыдай түрдө пландаштырууга тийиш.**

## Документация

14. **Аудитор табылган фактылар жөнүндө отчет жагынан далилдерди, ошондой эле тапшырма ушул ККЭСке жана тапшырманын шарттарына ылайык жүргүзүлгөнүн ырастаган далилдерди берүү үчүн мааниге ээ болгон бардык маселелерди документ менен тариздөөгө тийиш.**

## Жол-жоболор жана далилдер

15. **Аудитор чогултулган далилдерди табылган фактылар жөнүндө отчетту түзүү үчүн негиз катары пайдаланып, тараптар макулдашкан жол-жоболорду аткарууга тийиш.**

16. Макулдашылган жол-жоболорду жүргүзүү боюнча тапшырманы аткаруунун жүрүшүндө колдонулуучу жол-жоболор төмөнкүлөрдү камтышы мүмкүн:

- Сурамжылоону жана талдоону;
- Маалыматтарды кайра эсептөөнү, салыштырууну жана алардын тактыгын техникалык текшерүүнү;
- Байкоо жүргүзүүнү;
- Инспекциялоону;
- Ырастоолорду алууну.

Ушул ККЭСтин 2-тиркемесинде макулдашылган жол-жоболорду аткаруу боюнча тапшырманын алкагында колдонулушу мүмкүн болгон жол-жоболордун болжолдуу тизмесин камтыган отчеттун мисалы келтирилген.

## Отчетту даярдоо

17. Макулдашылган жол-жоболорду аткаруу боюнча тапшырманын натыйжалары боюнча отчет пайдалануучу аткарылган иштин мүнөзүн жана көлөмүн түшүнө алышы үчүн тапшырманын алкагындагы максат жана макулдашылган жол-жоболор жөнүндө жетиштүү кең-кесири маалыматты камтууга тийиш.

18. **Табылган фактылар жөнүндө отчет төмөнкүлөрдү камтууга тийиш:**

(a) **Баш сөздү;**

(b) **Алуучунун (демейде бул макулдашылган жол-жоболорду жүргүзүү үчүн аудитор тарткан кардар) аталышын;**

(c) **Ага карата макулдашылган жол-жоболор жүргүзүлгөн конкреттүү финансылык же финансылык эмес маалыматты аныктоону;**

(d) **Аткарылган жол-жоболор алуучу менен макулдашылган жол-жоболорго шайкеш келе тургандыгынын ырастоосун;**

(e) **Тапшырма макулдашылган жол-жоболорду аткаруу боюнча тапшырмаларга карата колдонулуучу Коштоочу кызмат көрсөтүүлөрдүн эл аралык стандартына ылайык же улуттук стандарттарга же болбосо түзүлгөн практикага ылайык аткарылгандыгы жөнүндө билдирүүнү;**

(f) **Эгерде колдонууга мүмкүн болсо, аудитор ишканага карата көз карандысыз жак болуп саналбай тургандыгы жөнүндө билдирүүнү;**

(g) **Макулдашылган жол-жоболор аны менен аткарылган максаттарды көрсөтүүнү;**

(h) **Конкреттүү аткарылган жол-жоболордун тизмегин;**

(i) **Аудитор тапкан фактылардын сыпаттамасын, анын ичинде табылган каталар жана дал келбегендиктер жөнүндө жетиштүү кең-кесири маалыматты;**

(j) **Аткарылган жол-жоболор аудит да, обзордук текшерүү да болуп саналбай тургандыгы жөнүндө билдирүүнү жана, тиешелүү түрдө, ишеним билдирилбейт;**

(k) **Эгерде аудитор кошумча жол-жоболорду, аудитти же обзордук текшерүүнү аткарган болсо, алар да отчетко киргизилиши мүмкүн болгон башка маселелер табылышы мүмкүн экендиги жөнүндө билдирүүнү;**

(l) **Отчет жол-жоболорду аткарууга макулдугун берген адамдарга гана арналгандыгы жөнүндө билдирүүнү;**

(m) **Эгерде колдонууга мүмкүн болсо, отчет көрсөтүлгөн элементтерге, эсептерге, беренелерге же айрым финансылык жана финансылык эмес маалыматка гана таандык жана бүтүндөй алганда, ишкананын финансылык отчеттуулугуна жайылтылбайт деген билдирүүнү;**

(n) **Отчеттун күнүн;**

(o) **Аудитордун дарегин; жана**

(p) **Аудитордун колтамгасын.**

Ушул ККЭСтин 2-тиркемесинде финансылык маалымат жагынан макулдашылган жол-жоболорду аткаруу боюнча тапшырмага байланыштуу даярдалган табылган фактылар жөнүндө отчеттун мисалы келтирилген.

## Мамлекеттик сектордогу ишканалар үчүн тапшырмаларды аткаруунун өзгөчөлүктөрү

1. *Мамлекеттик сектордогу ишкана үчүн тапшырманын алкагында даярдалган отчет жол-жоболорду аткарууга макулдугун берген адамдарга арналып гана тим болбостон, ошондой эле адамдардын жана ишканалардын алда канча кеңири чөйрөсүнүн арасында таратылышы мүмкүн (мисалы, кандайдыр-бир мамлекеттик сектордогу ишкана же өкмөттүк мекеме жагынан парламенттик тергөөнү жүргүзүүдө).*

2. *Ошондой эле белгилеп кетүү керек, мамлекеттик сектордогу ишканалар үчүн тапшырмалар олуттуу айырмаланышы мүмкүн жана тапшырма чындыгында эле макулдашылган жол-жоболорду аткаруу боюнча тапшырма болуп санала тургандыгын же жоктугун же ал иш жүзүндө финансылык маалыматтын аудитин болжолдой тургандыгын аныктоодо этияттык зарыл (мисалы, иштин натыйжалуулугу жөнүндө отчетту даярдоо боюнча тапшырма).*

**1-тиркеме**

## Макулдашылган жол-жоболорду аткаруу боюнча тапшырма катынын мисалы

Ушул кат ушул ККЭСтин 9-пунктунун жоболоруна байланыштуу колдонмо катары пайдаланууга арналган жана стандарттуу каттын үлгүсү болуп саналбайт. Тапшырма боюнча кат конкреттүү тапшырманын талаптарын жана жагдайларды эсе алуу менен модициякацияланууга тийиш.

Директорлор кеңешинин же аудиторду тарткан кардардын башка тиешелүү өкүлдөрүнүн назарына:

Ушул кат тапшырманын шарттарын жана максаттарын, ошондой эле биз бере турган кызмат көрсөтүүлөрдүн жана чектөөлөрдүн мүнөзүн биз түшүнүүбүздү ырастоого чакырылган. Тапшырма Коштоочу кызмат көрсөтүүлөрдүн эл аралык стандартына (же тиешелүү улуттук стандарттарга же түзүлгөн практикага) ылайык аткарылат, ал макулдашылган жол-жоболорду аткаруу боюнча тапшырмаларга карата колдонулат, аны биз, тиешелүү түрдө, өз отчетубузда көрсөтөбүз.

Биз төмөнкүдөй жол-жоболорду аткарабыз жана биздин ишибиздин натыйжалары боюнча табылган фактылар жөнүндө отчет даярдалат деп макулдаштык:

(Аткарыла турган жол-жоболордун мүнөзүн, мөөнөттөрүн жана көлөмүн, анын ичинде конкреттүү көрсөтмөнү, эгерде колдонууга мүмкүн болсо, иликтене турган документтерди жана маалыматтарды, сиз байланыша турган адамдардын тизмегин, ошондой эле алардан ырастоону ала турган талаптардын тизмесин сүрөттөңүз).

Аткарыла турган жол-жоболор силерге (максатты көрсөткүлө) жардам берүүгө гана арналган. Биз даярдаган отчет эч бир башка максаттарда колдонулууга тийиш эмес жана силердин маалыматыңар үчүн гана берилет.

Биз аткара турган жол-жоболор Аудиттин эл аралык стандарттарына же Обзордук текшерүүлөрдүн эл аралык стандарттарына (же тиешелүү улуттук стандарттарды же болбосо түзүлгөн практиканы көрсөткүлө) ылайык аудитке же обзордук текшерүүгө кирбейт жана тиешелүү түрдө алардын жыйынтыктары боюнча ишенимди камсыз кылбайт.

Биз силердин кызматкерлериңер тарабынан ар тараптан колдоого үмүттөнөбүз жана алар ар кандай маалыматтарды, документтерди жана ушул тапшырманы аткарууга байланыштуу суратылуучу ар кандай башка маалыматты берет деп ойлойбуз.

Аларды төлөөгө эсеп кызмат көрсөтүүгө жараша коюла турган кызмат көрсөтүүлөрдүн наркы биздин адистерге зарыл болгон сандагы убакыттын негизинде эсептелет, плюс кошулуучу чыгымдар. Биздин адистердин саат боюнча

ставкалары алар долбоордо ээлеген кызмат ордуна, ошондой эле кызмат көрсөтүүлөрдү квалификациялуу берүү үчүн зарыл болгон тажрыйбага жана жөндөмдөргө байланыштуу.

Кол койсоңор жана ушул каттын тиркелген көчүрмөсүн анда баяндалган тапшырманын шарттарына макулдук белгисинде, анын ичинде биздин макулдашуубузга ылайык аткарыла турган конкреттүү жол-жоболордун тизмегин кайра кайтарсаңар.

XYZ & Co

ABC компаниясынын атынан ырасталган

Колтамга

Аты-жөнү жана кызмат орду

Күнү

**2-тиркеме**



# КРЕДИТОРДУК КАРЫЗ ЖАГЫНАН ТАБЫЛГАН ФАКТЫЛАР ЖӨНҮНДӨ ОТЧЕТТУН МИСАЛЫ

ТАБЫЛГАН ФАКТЫЛАР ЖӨНҮНДӨ ОТЧЕТ

(аудиторду тарткан адамдарды көрсөтүңүз) назарына

Биз (күнү көрсөтүлөт) карата абал боюнча АВС компаниясынын кредитордук карызы жагынан силер менен макулдашылган, төмөндө саналган жол-жоболорду аткардык, ал жөнүндө маалымат тиркелген таблицаларда (бул мисалда жок) берилген. Биздин милдет макулдашылган жол-жоболорду аткаруу боюнча тапшырмаларга карата колдонулуучу Коштоочу кызмат көрсөтүүлөрдүн эл аралык стандарттарына (же тиешелүү улуттук стандарттарды же болбосо түзүлгөн практиканы көрсөтүңүз) ылайык аткарылды. Көрсөтүлгөн жол-жоболор кредитордук карыз боюнча маалыматтардын тууралыгын баалоодо силерге жардам берүү үчүн гана жүргүзүлгөн жана төмөнкүдөй түрдө жыйынтыкталат:

1. Биз АВС компаниясы даярдаган (күнү көрсөтүлөт) карата абал боюнча терс-сальдо ведомостундагы кредитордук карыздын калдыктарынын суммалоосун алдык жана текшердик жана жыйынтыкты негизги регистрдин тиешелүү эсебиндеги калдык менен салыштырдык.
2. Биз тиркелген тизмектен (ушул мисалда жок) ири берүүчүлөрдүн аталыштарын жана (күнү көрсөтүлөт) карата карыздын суммаларын терс-сальдо ведомостундагы аталыштар жана суммалар менен салыштырдык.
3. Биз берүүчүлөрдүн алдындагы карыздын калдыктарынын ведомостун алдык же (күнү көрсөтүлөт) карата абал боюнча карыздын калдыктарын алардын ырастоосун сураттык.
4. Биз ошондой эле мындай маалыматтарды же ырастоолоорду 2-пунктта эске алынган суммалар менен салыштырдык. Айырмачылыктыр келип чыккан учурларда биз АВС компаниясынан салыштырылган текшерүүнү берүүнү өтүндүк. Биз төлөнбөгөн эсептердин, кредит-ноталардын жана ххх ашык суммага чектердин тизмесин белгиледик жана түздүк. Биз кийин алынган мындай эсептер жана кредит-ноталар, ошондой эле кийин төлөнгөн чектер иликтенгенин таптык жана алар чындыгында эле салыштырылган текшерүүдө акы төлөнбөгөн катары көрсөтүлүүгө тийиш экенин ырастадык.

Жүргүзүлгөн жол-жоболордун жыйынтыктары боюнча биздин тыянактарыбыз төмөндө көрсөтүлгөн:

(a) 1-пункт боюнча биз суммалоо так жүргүзүлгөнүн жана жыйынтык сумма туура экенин ырастадык.

(b) 2-пункт боюнча салыштырылган суммалардын ортосунда айырмачылыктар жок экенин ырастадык.

(c) 3-пункт боюнча бардык берүүлөр боюнча ырастоолор берилгенин ырастадык.

(d) 4-пункт боюнча биз суммалар туура келээрин ырастадык, ал эми айырмачылыктар болгон учурларда ABC компаниясы салыштырууну даярдаганын жана кредит-ноталар, эсептер жана xxx ашык суммага төлөнбөгөн чектер алар боюнча айырмачылыктар бар беренелер катары көрсөтүлгөнүн ырастадык, буга төмөнкүдөй учурлар кирбейт:

(Өзгөчө учурларды тактоо)

Жогоруда эске алынган жол-жоболор Аудиттин эл аралык стандарттарына же Обзордук текшерүүлөрдүн эл аралык стандарттарына (же тиешелүү улуттук стандарттарга же түзүлгөн практикага) ылайык жүргүзүлүп жаткан аудитке же обзордук текшерүүгө кирбей тургандыгын эске алып, биз (күнү көрсөтүлөт) карата абал боюнча кредитордук карыз жагынан ишенимдүүлүктү билдирбейбиз.

Эгерде биз Аудиттин эл аралык стандарттарына же Обзордук текшерүүлөрдүн эл аралык стандарттарына (же тиешелүү улуттук стандарттарга же түзүлгөн практикага) ылайык кошумча жол-жоболорду аткарган болсок же финансылык отчеттуулуктун аудитин же болбосо обзордук текшерүүсүн жүргүзгөн болсок, биз кандайдыр-бир башка фактыларды таба алмакпыз, алар жөнүндө маалымдамакпыз.

Биздин отчетубуз ушул документтин биринчи пунктунда көрсөтүлгөн максаттарда гана пайдалануу үчүн, ошондой эле силерге маалымат берүү үчүн арналган жана кандайдыр-бир башка максатта пайдаланууга же башка жактарга берүүгө болбойт. Ушул отчет жогоруда эске алынган эсептерге жана беренелерге гана тиешелүү жана бүтүндөй алганда, ABC компаниясынын финансылык отчеттуулугуна жайылтылбайт.

АУДИТОР

Күнү
Дарек